***ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕРИ***
***ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ***
***PEDAGOGICAL SCIENCES***

***DOI:10.26104/NNTIK.2023.29.71.060***

***Минбаев Д.А.***

# ЖАШ БАЛБАНДАРДЫ ПАТРИОТТУУЛУККА ТАРБИЯЛООДОГУ ЭКСПЕРИМЕНТАЛДЫК ИШ ЧАРАЛАРДЫ ИШТЕП ЧЫГУУ ЖАНА АЛАР МЕНЕН ТАРБИЯЛЫК ИШ АРАКЕТТЕРДИН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮН АНЫКТОО

***Минбаев Д.А.***

# РАЗРАБОТКА ЭКСПЕРИМЕНТАЛЬНЫХ МЕРОПРИЯТИЙ ПО ПАТРИОТИЧЕСКОМУ ВОСПИТАНИЮ ЮНЫХ БОРЦОВ И ВЫЯВЛЕНИЕ ОСОБЕННОСТЕЙ ВОСПИТАТЕЛЬНОЙ РАБОТЫ С НИМИ

***D. Minbaev***

# DEVELOPMENT OF EXPERIMENTAL MEASURES FOR PATRIOTIC EDUCATION OF YOUNG WRESTLERS AND IDENTIFICATION OF FEATURES OF EDUCATIONAL WORK WITH THEM

*УДК: 371.035.6.*

*Бул макалада, жаш балбандарды патриоттуулукка тарбиялоодогу эксперименталдык иш-чараларды жана алар менен иш-аракеттердин өзгөчөлүктөрү көрсөтүлгөн. Балбандарды патриоттуулукка тарбиялоодогу маанилүү максаттарына, педагогикалык талаптарына, патриоттуулук сезимдерин өнүктүрүү маселелерине, балбандардын өздөрүнө баа бергендерине, колдонуучу каражаттарына, формаларына жана методдоруна көңүл бурулган. Аларга сабактарга педагогикалык баа берүү, оозеки сурамжылоо; кыймыл көндүмдөрүн баалоо; баалоо көнүгүүлөрүн аткаруу; контролдук стандарттарды өткөрүүнүн натыйжаларын изилдөө; биомеханикалык ыкмалар; физиологиялык, ошондой эле окутуунун натыйжаларын аныктоо методдоруна талаптар (ырааттуулук, ар тараптуулук, жекелештирүү, объективдүүлүк, аргументация).*

***Негизги сөздөр:*** *жаш балбандар, патриоттуулукка тарбиялоо, эксперименталдык иш чаралар, иш-аракеттер, педагогикалык талаптар, педагогикалык шарттар.*

*В данной статье рассматриваются экспериментальные мероприятия по патриотическому воспитанию юных борцов и показаны особенности работы с ними. Внимание уделялось важным целям воспитания борцов к патриотизму, педагогическим требованиям, вопросам развития чувства патриотизма, самооценке борцов, используемым средствам, формам и методам. К ним относятся педагогическая оценка уроков, устный опрос; оценка двигательных навыков; выполнение оценочных упражнений; изучение результатов проведения контрольных нормативов; биомеханические методы; физиологические, а также требования к методам определения результатов обучения (последовательность, универсальность, индивидуализация, объективность, аргументация).*

***Ключевые слова:*** *молодые борцы, воспитание патриотизма, экспериментальная деятельность, деятельность, педагогические требования, педагогические условия.*

*This article discusses experimental measures for the patriotic education of young wrestlers and shows the features of working with them. Attention was paid to the important goals of educating wrestlers to patriotism, pedagogical requirements, issues of developing a sense of patriotism, self-esteem of wrestlers, the means used, forms and methods. These include pedagogical assessment of lessons, oral questioning; Assessment of motor skills; performance of evaluation exercises; study of the results of control standards; biomechanical methods; physiological, as well as requirements for methods of determining learning outcomes (consistency, universality, individualization, objectivity, argumentation).*

***Key words:*** *young fighters, education of patriotism, experimental activity, activity, pedagogical requirements, pedagogical conditions.*

Жаш балбандардын жана спорттук педагогдордун патриоттук сезимдерин түзүүдөгү педагогикалык өбөлгөлөрүнө талдоолор жүргүзүлгөндөрдүн жыйынтыктары, объективдүү жана субъективдүү себептердин негизинде алар менен окуу-машыгуу, мелдештерге катышуу жана машыгуулардан, билим алуу убакыттардан, бош убакыттарда патриоттуулукка тарбиялоого жетиштүү көңүл бурулбагандыгы аныкталды. Жогоруда айтылгандар спорттук педагогдордун жана башкалардын жаш балбандар менен ийгиликтүү окутуу-тарбиялоо иш-аракеттерди жүргүзүү үчүн комплекстүү иш чараны иштеп чыгуу зарылчылыгы келип чыкты.

Башталгыч спорттук топтордо жаш балбандарды патриоттуулукка тарбиялоодо маанилүү максаттардан болуп төмөнкүлөр турат: Кыргызстандын, Кыргыз улуттук спорттук күрөшүнүн тарыхы боюнча, республикадагы ардактуу, белгилүү инсандардын өмүр-турмуштары жөнүндө, окуу-машыгуу, спорттук мелдештерге катышуу убакыттарында, коомдук жерлерге ылайыктуу билимдин багажын (көлөмүн) чогултуу (көбөйтүү); Ала-Тоого, туулуп-өскөн жерине чексиз берилүү жана сүйүү, ардактуу, белгилүү инсандар менен сыймыктанууну, жаш балбандардын аңсезимин түзүү; Армияда кызмат өтөөгө дал келүүчү сапаттарды жана касиеттерди тарбиялоо, Кыргыз-

станды коргоого даярдыгын түзүү; Улуттук сыймыктануу сезимдерин түзүү, республикада жашап жаткан улуттарга жана элдерге толеранттуулук көрсөтүү; окуу-машыгуу спорттук топто, мугалим-машыктыруучуга жана башкаларга урматтоо менен мамиле түзүүгө, билим берүүдө, спорттук, коомдук-пайдалуу ишмердиктерде жоопкерчиликти тарбиялоо ж.б.

Иш-чаранын тарбиялык иш аракеттердин мазмундарын жана аларды аткарууда бир катар педагогикалык талаптарга таянганбыз: Тарбиялык иш-чаралардын тематикасы жана багыттары өзүнө КРдагы ФжСнун саясий, экономикалык жана идеологиялык негиздерин өзүнө камтышы керек, ошондой эле балбандарды тарбиялоонун максатына жана милдеттерине, улуттун менталитетине, патриоттуулукка тарбияланган деңгээлине дал келиши керек; өткөрүлүүчү тарбиялык иш-аракеттердин мазмуну коюлган максатка умтулуу, максаттуу багытты көздөгөн жана билим алуу, спорттук жана коомдук ишмердүүлүктөрү, ошондой эле каалоолорго байланыштуу болуу керек; аңгемелешүүлөрдү, кеңешүүлөрдү, талдоолорду өткөрүү үчүн тандап алынган материалдар, жаш балбандардын кругозорун кеңейтүүгө мүмкүндүк түзүү, оригиналдуу, кызыктууларды берүү, патриоттуулук сезимдерин байытуулар каралган (жоопкерчиликти, абийирди, кадыр-баркты, сыймыктануу ж.б.); өткөрүлүүчү тарбиялык иш-чаралар көлөмү жана тыгыздыгы боюнча жаш балбандардын жаш курактык, психологиялык өзгөчөлүктөрүнө туура келиши керек; тарбиялык иш-чараларды уюштурууда жана аларды өткөрүүдө жаш балбандар өздөрүнүн активдүүлүгүн көрсөтүүсү зарыл.

Патриоттуулук сезимдери өнүккөндөр менен тарбиялык иш-аракеттер көбүнчө төмөнкүлөр иш-жүзүнө ашырылды: сунушталган тапшырмаларды аткарууда өз ара ишенимдерин көрсөтүү; тарбиялык иш-чараларды өткөрүүдө патриоттуулук сезимдерге таянуу; окуу-машыгуу, мелдештер, окуудан жана машыгуудан бош убакыттарда патриоттук сезимдерди анча эмес (начар) өнүккөндөргө аталык жардам көрсөтүү; тарбиялык иш-чараларды өткөрүүгө ар кандай мекемелерди, уюмдарды жана адистерди тартуу; тарбиялык иш-чараларды өткөрүү үчүн жооп берүүчү адистерди дайындоо керек.

Патриоттук сезимдери жетиштүү деңгээлде өнүккөн балбандар менен иш-аракеттерди алып барууда, көбүнчө төмөнкүлөр колдонулду: берилген тапшырмаларды окутуу-машыгуу пландарынын өз убагында жана сапаттуу аткарылышы үчүн систематикалык көзөмөлдөө жүргүзүү; жаш балбандарды тобу менен, аларды кызыктыруучу ишмердикке тартуу; жаш балбандардын максаттарга жетишкен ийгиликтерин, алардын өз убагында сапаттуу аткарууга спорттук топтун бардык мүчөлөрүнүн алдындагы эсеп берүү, үйгө берилген тапшырмаларды аткаруу чоң маанилүү болот; бир жолку аткарууга оңой тапшырмаларды берүү – аларды ак ниеттүүлүк менен аткаргандыгы үчүн сыйлоо; балбандардын жетишкен ийгиликтерин атайын көрсөтүү жана алар менен аңгемелешүү, кеңеш берүү; көркөмдүк, музыкалык, чыгармачылык ж.б. жөндөмдөрүн көрсөткөндүгү үчүн сыйлоо; лидерден камкорчуларды дайындоо.

Тарбиялык иш-чараларды уюштурууда жана аларды өткөрүү процесстеринде жаш балбандардын өздөрү баа бергендери маанилүү орунга ээ болот. Мындай факторлор биз тараптан иш-аракеттердин жүрүшүндө көңүлгө алынган.

Жаш балбандар менен окутуу-тарбиялоо иш-аракеттерди алып барууда, өздөрүнө-өздөрү жогорку баалагандарын пайдаланганбыз: жаш балбандардын ой-пикирлерин аныкталган кемчиликтерге, каталарга, жетишпегендиктерге жана алардын спорттук чеберчиликтерин мыктылоого тийгизген таасирине атайын көңүл бурганбыз; балбандарды бир аз жогорку спорттук максаттарды пландаштыруунун зарылчылыгын ишендирүү иштерин жүргүзгөнбүз; берилген тапшырмалардын өз убагында өткөрүүсүн көзөмөлдөө; балбандардын өздөрүн-өздөрү баалаган көрсөткүчтөрүн, эксперттер тарабынан аларды баалашкандарын салыштыруу. Балбандар менен иш-аракеттерди алып барууда, өздөрүнө-өздөрү төмөн баалагандарына көңүл бурулган. Алардын катарында:

- бир жылдык спорттук даярдоо циклда коюлган максатка жетүүнүн реалдуулугун аныктоо;
- балбандарга мугалим-машыктыруучу тарабынан жетиштүү (максаттуу) жардам көрсөтүү;
- окутуу-машыгуу убагында өзүнөн күчтүүрөөк же болбосо төмөнүрөөк даярдыктары бар атаандаштары менен машыгууларды алмашуулар менен өткөрүү;
- натыйжасы чыкпаган иш-аракеттер учурунда жаш балбандарга психоэмоционалдуу колдоо көрсөтүү;
- балбандардын оң инсандык сапаттарын жана касиеттерин аныктоо, аларды окутуу-машыгуу, мелдештерге катышуу убактарында реализациялоо.

Жаш балбандарды патриоттуулукка тарбиялоодо, аларды билим алууга тартуу зор мааниге ээ болот: Кыргызстандын, Кыргыз улуттук спорттук күрөшүнүн тарыхы, ардактуу, белгилүү инсандардын өмүр-турмуш баянын, ошондой эле чыгармачыл инсандарды, алардын чыгармалары. Ушул максатта, жаш балбандар менен аңгемелешүүлөр, кеңеш берүүлөр, маалыматтарды жеткирүү иш-аракеттер өткөрүлдү. Балбандардын жаш курактарын, алардын жеке озгөчөлүктөрүн көңүлгө алуу менен , ушундай ж.б. иш чаралар оптималдуу тартипте өткөрүлдү. (2,4) – 30 мүнөт окутуу-машыгуудан сырткары убакыттарда жана 5 мүнөт окутуу-машыгуу убакыттарында.

ЭТгу балбандар башталгыч спорттук даярдоо

милдеттери менен алдын-ала тааныштырылган, алардын ар бирине жакынкы арадагы жана күндөлүк максаттардын негизги мазмундары түзүлгөн. Аларга коюлган максатка жетүү үчүн умтулуу, эмгекти сүйүү, күндүн, машыгуулардын, жеке жана коомдук гигиенаны, туура тамактануунун эрежелерин сактоонун маанилерин спортто, окууда пландаштырылган максаттарга жетүүдөгү ролу түшүндүрүлгөн. Балбандардын патриоттук сезимдери, алар мелдештерге катышуу учурларында өзгөчө байкалат. Ошол себептен мелдештеги ар бир беттешүүлөрдүн алдында жана беттешүү учурунда балбандарды мобилизациялоолук күүлөнтүүлөрдү өткөрдүк, мелдештен, таймаштан кийин ар бир балбандын, мелдеште көрсөткөн жыйынтыктарына жана жогоруда көрсөтүлгөн патриоттук сапаттарын жана касиеттерин сынга алуу, объективдүү талдоо жүргүзүлдү. Ушундай сапаттар жана касиеттер аңгемелешүүлөр учурунда тарбияланып, алар: ишенимге, сыйлоого, сынга алууга, жеке өрнөк болууга багытталган.

Жаш балбандарды патриоттуулукка тарбиялоодо, алардын патриоттук сезимдерин түзүү зор мааниге ээ болот. (окуу-машыгуу тобуна) (коллективине); туруктуу болуп калган салттарды байытуу жана колдоо көрсөтүү, коомдук иштерге активдүү катышуу, өзүнүн тобундагыларга жардам берүү, озүнө жана башкаларга объективдүү талаптарды коюу. Мындай биргеликтеги иш-аракеттерге коллективдеги машыккандардын баары тартылды. Балдарга бирдей талаптарды коюу, окутуу-машыгуу тобунда прогрессивдүү традицияларды, коомдук сергек ой-пикирлерди, спорттук коллективди түзүүдө (курууда) биз белгилүү педагогдордун көрсөтүүлөрүн жетектөөчү катарын алганбыз [1,3,5].

Алдын ала өткөрүлгөн изилдөөлөрдүн көрсөткүчтөрүн көңүлгө алып, адабият булактарына талдоо жүргүзүүнүн негизинде биз патриоттуулукка тарбиялоодо көбүрөөк колдонуучу формаларды тандап алганбыз: аңгемелешүүлөр, диспуттар, тарыхый жерлерге баруу ж.б.

Жаш балбандарды патриоттуулукка тарбиялоодо колдонулуучу каражаттар катарында төмөнкүлөрдү пайдаландык: баатырлардын эмгекте, спортко эмгеги сиңген инсандар жөнүндөгү (спортсмендер, машыктыруучулар, калыстар ж.б.) теоретикалык-педагогикалык маалыматтар; ФжСтун тарыхы жөнүндө; элдик чарбалыкта, аскерлер жана спортсмендер жөнүндө маалыматтар берилген атайын жана көркөм адабияттар; патриот инсандар (согуштун, эмгектин, спорттун ардагерлери, мелдештерге активдүү катышуучу спортсмендер, тренерлер ж.б.) музейдик экспонаттар; патриотторго орнотулган эстеликтер; сүрөт монтаждары, дубалдык гезиттер, күндөлүк басма сөздөр; Кыргыз улуттук спорттук күрөшүнүн прикладдуулугу; жаш балбандарды коомдук пайдалуу иштерге тартуу; эмгектик, согуштук, спорттук салттар; физкультура-спорттук коллектив.

Жаш балбандар менен патриоттуулукка тарбиялоодо төмөнкү методдор колдонулду:

1. Көнүктүрүү методу жаш балбандарды коомдук-пайдалуу кылган иштерде колдонулду. Жаш балбандарды көнүктүрүүдө сөз менен иштин ортосундагы үзүндүлөрдү алдын алууга, нравалык-патриоттук сезимдерден жана ылайыктуу практикалык иш-аракеттерден өтүүгө мүмкүнчүлүк берет.
2. Нравалык-патриоттук көнүгүүлөр жаш балбандардын ар кандай ишмердүүлүктөрүнүн түрлөрүн уюштуруу жолу менен колдонулду (коомдук эмгектенүү, билим берүү-тарбиялоочу, физкультура – спорттук ишмердүүлүктөрдө).
3. Шарттуу талап кылуу методу төмөнкүлөрдөн турат: жаш балбандарга оздөрүнүн каалоолорун канаттандырууга мүмкүнчүлүк берилет (күрөшкө чыгуу, коллективдин коомдук иш-аракеттерине, спорттук мелдештерге катышуу ж.б.) Ошол эле убакытта окуу-машыгууларды үзгүлтүксүз өткөрүү, мелдештерге катышуу, күн тартибин, машыгуулардын, тамактануунун, жеке жана коомдук гигиенаны сактоо, жакшы жана эң жакшы билим алуу, коллективдин коомдук иштерине активдүү катышуу, өзүнөн кичинелерге, улууларга, аялдарга ж.б. урмат-сый көрсөтүүнү эстен чыгарбоо керек.
4. Өз ара кайра далилдөө методу жаш балбандар менен аңгемелешүүлөрдү, диспуттарды ж.б. өткөрүүдө пайдаланылды, нравалык-патриоттук, позитивдүү жана терс (негативдүү) далилдерди кеңири колдонууну божомолдойт.
5. Инсандын түзүлүүчү сапаттарын жана касиеттерин аванс методу (коллективдин алдындагы парзы, эмгекти сүйүү, коллективдүүлүк ж.б.)
6. Патриоттуулукту талкуулоо методу жаш балбандарды патриоттуулук сезимдерин үзгүлтүксүз жана алдын ала талкуулоону козөмөлдөйт.
7. Үйрөтүү методу жоболордун келишими менен окутуу-машыгуу ишмердик катары төмөнкү механизмдерин эсеби менен реализацияланган; жаш балбандардын кээ бир билимдеринин, тажрыйбаларынын, бөлүктөрүнүн ортосундагы туруктуу болбогон байланыштарынын аныктоонун негизинде ассоциацияны түзүү; билимди, билүүнү, көнүгүү, нравалык адат, жүрүм-турумдук тажрыйбаны түзүү максатында тууроо; патриоттуулук жөнүндө туптуура түшүнүктүү түзүүгө болгон байланыштарды көрсөтүү жана жалпылоо; жаш балбандарга берилүүчү ылайыктуу божомолдуу маалыматтарды алардын ыктыярына карап берүү; зарыл билим, билүү, көнүгүүлөрдү жана жүрүм-турумдук тажрыйба алуу максатында, чыгаанчылык көрсөтүү. ЭТ, жогоруда айтылган механизмдерди, инсандын жеке психологиялык өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен пайдаланганбыз.

ЭТ жогоруда көрсөтүлгөн жаш балбандарга таасир этүүчү методдор менен кошо төмөнкү методдор колдонулду: спорттук педагогдун жеке өрнөгү, сөз жана көрсөтмөлүү ишендирүү, нравалык сыйлоо жана сынга алуу.

Жаш балбандарды патриоттуулукка тарбиялоодо ыңгайлуу педагогикалык шарттарды түзүүгө маанилүү орун берилди. Алар: мугалим-машыктыруучунун адистик-педагогикалык чеберчиликтери, ардактуу жана белгилүү инсандардын байгелерине арналган мелдештерге катышуу, окуу-машыгуу топтогу өз ара мамилелердин жогорку деңгээли, Кыргыз улуттук спорттук күрөшүнүн прикладдыгы, жаш балбандардын өздөрүн-өздөрү тарбиялашы, салттарды сактоо, лидердин болушу, күн тартибин, спорттук машыгууларын, билим алуунун, биргелешип эмгектенүүнүн жана эс алуунун, коллективдин коомдук иштерге катышуу, окуу-машыгууга жана эс алууга ыңгайлуу шарттар.

Коллективди түзүү макстаныда, жетиштүү деңгээлде: аңгемелешүүлөрдү,жөө жүрүү, саякат, өз ара жардам берүүнү, тапшырмаларды биргелешип аткаруу ж.б. кеңири колдондук. Жаш балбандардын билим алууга, спорттук машыгууларга болгон оң мамилелерин түзүүдө, мугалим-машыктыруучулар тарабынан ишмердүүлүктүн ушул түрүнө, күндөлүк дептерчесине үзгүлтүксүз көзөмөл жүргүзгөнбүз. Окууга, машыгып үйрөнүүгө кош көңүл кылган учурда алар менен атайын аңгемелешүүлөр өткөрүлдү. Ошондой эле, машыктыруучулардын көзөмөлү алдында алардын жүрүм-турумдарынын нормаларын жана эрежелерин коомдук жайларда сактоону, ошолордун негизинде ылайыктуу жыйынтык чыгарганбыз.

**Адабияттар:**

1. Белорусова В.В., Блинова З.В., Романова А.В. Изучение уровня нравственной воспитанности спортсменов как условие разработки программы воспитания. // Нравственное воспитание спортсмена. - Л., 1983. - С. 11-12
2. Бердикожоев С.К. «Воспитание патриотизма и гражданственности подрастающего поколения. // Современные проблемы теории и практики физической культуры и спорта: Мат. III Межд. научно-практической конф. посвящ. 10-летию Международных Иссык-Кульских игр и 55-летию Кыргызской государственной академии физической культуры и спорта. - Бишкек, 2010. - С. 192-193
3. Измайлов А.Э. Народная педагогика: педагогические созэрение народов Средней Азии и Казахстана. - М: Педагогика, 1991. – 251 с.
4. Карнаух Н.А., Абишев А.Р., Семушкин А.Ф. Воспитание патриотических чувств и спортсменов на примерах вклада Казахстанцев в общую победу в Великой Отечественной Войне». // Вестник физической культуру. - Алматы: ННПЦ ФК МОН РК, 2006. - №2. - С. 12-15.
5. Макаренко А.С. Методика организации воспитательного процесса. // Сочинения. - М: Изд. АПН РСФСР, 1951. - Т.5. - С. 232-233.